УДК 37.0

Курманкулов Ш.Ж., Норзалиева Г.С.
Талас мамлекеттик университети

# БАРКТУУ АДИС БОЛУУНУН БҮГҮНКҮ ЗАМАНБАП ТАЛАПТАРЫ

*Билим берүү сапатынын төмөндөп кетишинин себептерине анализ жүргүзүү менен, республиканын билим берүү системасынын кризистик абалдан чыгуусу боюнча автордук ой-пикирлер, сунуштар айтылды. Советтик доордогу жана бүгүнкү күнкү адистерге коюлган талаптардын «үчтүгү» салыштырылып каралды. Билим берүү сапатын жакшыртууну шарттоочу факторлордун негизинде заманбап барктуу адис болуунун критерийлери каралды.*

Кыргызстан көз карандысыз эркин мамлекетке айлангандан кийин анын алдында экономикалык, саясий жаңы максаттар пайда болду. Коомдук мамилелерди демократиялык кайра түзүү жана нарктык (рыноктук) экономиканы өнүктүрүү маселелери келип чыкты. Бул «өткөөл» этабынын проблемалары Кыргыз мамлекетинин билим берүү системасын өркүндөтүүгө карата болгон мамилесин солгундатып жиберген. Жаңы адистиктерди ачуу, жогорку окуу жайын түзүүгө чексиз эркиндиктин берилиши менен жогорку окуу жайынын сандык мааниси дүркүрөп өсүп, анын таасири билим берүүнүн сапаттык маанисинин төмөн түшүп кетишинин себепкерлеринин бири болду.

2002-2003 окуу жылынан 2008-2009-окуу жылынын аралыгында мамлекеттин жогорку окуу жайынын саны 56 дан 49 чейин азайып, кайра көбөйүп турган болсо, ал эми студенттердин саны стабилдүү түрдө 199 миңден 250 миңге өсүп олтурган. Ошол эле учурда жеке менчик жогорку окуу жайы 15 тен 18 ке чейин өзгөргөн болсо, андагы студенттердин саны 14000 ден 24000 чейин өскөн. Демек, студенттердин жалпы саны ал жылдардын аралыгында 61 миңге көбөйгөн [1].

Бул келтирилген фактылар орто мектептерден жакшы билим алган гана бүтүрүүчү жогорку окуу жайына өтүүгө мүмкүнчүлүк алат деген тоскоолдуктун алынып ташталганынын белгиси болду. Анын негизинде мектептеги окуу мотивинин (себебинин) мааниси өзгөрдү. Бул жана башка объективдүү, субъективдүү себептердин негизинде мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн билиминин кескин төмөндөгөндүгү аныкталды.

Ошол эле учурда азыркы мезгилде техниканын, технологиянын өнүгүшү менен жаш муундардын кызыгуусу жана изденүүсү дагы өзгөргөндүгү айдан ачык көрүнүп турат. Жаш муундар окуу китебин же көркөм чыгармаларды окуунун ордуна уюлдук телефон менен алаксып, DVD-де жазылган кинолорду көрүшүп, же компьютердик оюндарды ойноп алууну көздөшөт. Мектепке айла жоктон, каалоосуз келген окуучулар дагы жок эмес, жаш курагына карабай автомашина айдоону эрте самай баштагандар, кызыктыруучу оюн- зоокторго алаксыгандар көбөйдү.

Жогоруда айтылган ой-пикирлер, окуу–тарбия процесстерин жана жалпы эле педагогиканы гумандаштыруу идеясы бүгүнкү күндөгү эң актуалдуу курч проблема катары кароо мезгили бышып жеткендигин билдирди жана ал каралууда. Чыныгы иш жүзүндө бул маселе курчуп жетилгени тууралуу мектептерде толук тааный элек. Көпчүлүк мектептерде авторитардык - консервативдик формада башкаруу жана окуу процессин жүргүзүү сакталып калганы тууралуу айтылууда [2]. Мындан сырткары, бүгүнкү билим берүү системасы даярдаган бүтүрүүчүлөрдүн, адистиктердин сапатына бир топ сын-пикирлер айтылып келет. Көрсөтүлгөн макаланын [3] авторунун байкоосунда, учурдагы жогорку окуу жайларында окуп жаткан студенттердин 80 пайызга жакыны өтө начар өздөштүргөн окуучулар менен толуктаган. Көрсөтүлгөн макалада [4] азыркы жогорку педагогикалык окуу жайларында окутуунун методикасынан да, жаңы технологиялардан да, баланын психологиясынан да, кесиптик чеберчиликтен да дээрлик кур жалак адистер даярдалып жатканын билдирет.

Бүгүнкү республикадагы билим берүү системасынын кризистик абалдан чыгуусунун жолдорун сунуштаган көптөгөн ой-пикирлер дагы жарык көрүүдө. Көрсөтүлгөн макалада [5] билим берүү системасын өнүктүрүүдө стратегиялык улуттук модель иштелип чыгуусу керек, ал улуттук жана жергиликтүү бөтөнчөлүктөрдү эске алуу менен жасалса, эффективдүү натыйжа берерин билдирет.

Бүгүнкү билим берүү системасында антигендердик саясаттын зарыл экендигин

билдирип, көрсөтүлгөн макалада [6] 100 дөн ашык мектеп жамаатын карап чыгып, мугалимдердин 20%ин гана эркектер түзөрүн аныктаган. Окуучулардын арасынан чыккан лидерлердин 90% тин кыздар түзөт экен. Бул фактыны салыштыруу үчүн Талас мамлекеттик университетине 2009-2010 окуу жылында тапшырган абитуриенттердин курамын карап чыктык. Педагогикалык багыттагы адистиктерге абитуриенттердин 86% пайызын кыздар, 14% пайызын эркек балдар түзүшкөн. Ал эми инженердик, экономикалык багыттагы адистиктердин 29 пайызын кыз балдар, 71 пайызын эркек балдар түзүшкөн. Демек, беш жылдан кийин мектептердеги эркек мугалимдердин саны дагы азайып кетүү мүмүкүчүлүгү көрүнүүдө.

Авторлордун ой-пикиринде, билим берүү системасынын натыйжалуу иштөөсүндө төмөнкү кырдаалды эске алууну зарыл деп эсептейбиз. Мектептерде, жогорку окуу жайларда предметтерди окутууда кургак теориядан четтеп, практикага жакындоону учурдун талабы катары түшүнүү. Билим алуучуларды туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга, өз пикирин так малымдоого үйрөтүп, турмушка татыктуу даярдоо талаптарын тез арада ишке ашыруу зарыл. Адам баласы чындык дүйнөнүн сырларын мектептен анык билүүсү, көнүгүп үйрөнүүсү керек. ***Эртеңки күнү сабатсыз инсан бул китеп окуй албаган эмес, окуганга үйрөнбөгөн болуп калары анык [7].***


Жогорку окуу жайында болобу, мектепте болобу, билим берүү сапатынын калыптанышы - татаал көп факторлуу процесс. Аны шарттоочу процесстер катары төмөнкүлөр эсептелиниши мүмкүн [8,9]:

- билим алуучунун ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн өзгөчөлүгү;
- билим берүүчүнүн адистик сапатынын деңгээли;
- билим алуу мотиви, б.а., билим алуучунун окууга болгон умтулуусу, каалоосу;
- билим берүүчүнүн жана билим алуучунун социалдык шартынын абалы;
- билим алуучунун окуу китептери, окуу куралдары менен камсыз болуусу;
- билим алуучунун өз алдынча иштөө мүмкүнчүлүгү ж.б.

Биз бүгүн сапаттуу билим берүүнүн жолдорун гана анализдеп, иликтеп турбастан, келечектеги адистерге коюлган талаптар кандай болуусу керек, бүтүрүүчү адис кандай кандай сапаттарга ээ болгондо ал өзү жашаган коомдо биринчилерден болуп талап кылынары, иш ордунун табылышы жеңил болору, мына ушул багытта ой жүгүртүүбүздү ортого салалы. Алган билимин тереңдүүлүгүн чоң мааниси бар экендигин, б.а., кесипке, татыктуу билимге ээ болуу менен, өз кесибинин артында жашоодогу жакшы орун табуунун туура жолу экендигин окуучуга (студентке) туюндуруу жана ишендирүү, алардын жакшы окуп, татыктуу адис болууга түрткү болушу ыктымал.

Стабилдүү, пландык экономикалык өнүгүүдө болгон советтик доордо адистерге төмөнкү традициялуу «Үчтүк» (триада - знание, умение, навык) талап жетиштүү болгон (1-чи сүрөт).

Ушул үчтүккө ийгиликтүү жетишкен инсан кадыр-барктуу адис катары бааланып, татыктуу иш орду менен камсыз болгон. Бүгүнкү нарк (рынок) экономикалык өнүгүү шартында жогорудагы адиске коюлган талаптын жетиштүү эмес экендигин көрсөтүүдө. Көрсөтүлгөн макалада [10] бүгүнкү күнү салттуу «Үчтүк» критерийди «кызмат же иш аткаруу тажрыйбасы» (опыт деятельности) деген жаңы дидактикалык бирдик менен толуктоо керек деп сунуштайт. Мындан башка, адисти баалоодо инсандын жеке сапаттык касиетине маани берүү көңүлгө алынууда. Ар кайсы мамлекеттерде сапаттык касиеттин натыйжалуу үлүшү 30 дан 85% чечим чечүүчү мааниге ээ деп белгиленип жатат [10]. Ошого




1- сүрөт. Советтик доордогу адистиктин үчтүк талабы.

байланыштуу, билим берүү мекемелериндеги педагогикалык, психологиялык-педагогикалык окутуу технологиясы муну негизги маселе катарында кароосу зарыл. Мында адис болуп калыптанып жаткан жаш инсанга мурдагы үчтүктөн башка жеке сапаттык касиеттерге ээ болуусуна өбөлгө түзүү керек.

Республиканын билим берүү системасында үчүнчү муундагы мамлекеттик стандарт түзүлүүдө. Мындагы негизги өзгөчөлүк, анда компетенттүүлүккө багытталган иш пландары камтылган, б.а., билим берүүнүн инсанга багытталган окутуу процесстерине өзгөчө көңүл бурулууда. Стандартты өзгөртүүнүн максаты – бул күн сайын коомдун өзгөрүп жаткан процесстерине жана кубулуштарына туруштук бере алган, өз алдынча иш аракет жасай алган активдүү адис инсанды даярдоо болуп саналат. Бул стандарттын талабына жооп берген окуу процессинин негизинде билим алган адис инсандын билим деңгээлин, анын турмушундагы адистик практикалык ишмердүүлүгүнүн фундаменти болуп калуусу керек. Билим алуучу инсан даяр эле билимди албастан, алган билимин турмушта керек болгудай кылып калыптандыра алса, анда алган билими «нарктуу» жана «барктуу» адис болушуна өбөлгө түзүлмөк. Мазмуну боюнча айтсак, «компетенттүү» адис болмок.

*«Компетенттүүлүктү» инсандын илимий жана практикалык (турмуштук) ишмердүүлүгүндө кездешүүчү, ар кандай кырдаалда талап кылынуучу маселелерди натыйжалуу, көзү каныккан (көсөм, такшалган), адис катары чечүү үчүн зарыл болгон предметтик билимдердин жана инсандык жеке сапаттардын айкалышкан (төп келишкен) жыйындысы катары кароого болот*. Демек, жогоруда келтирилген адисти баалоо критерийлерин компетентүүлүк деген термин менен алмаштырсак болчудай.

Бүгүнкү күндө заманбап адис болуп калыптанууда белгилүү өлчөмдөгү билимдүүлүк, шыктуулук жана такшалуу информациялык техниканын негизинде информациялык технологиялык операцияларды (программаларды) жакшы өздөштүрүүдөн келип чыгуусу көрүнүп баратат [12]. Мындан сырткары, жакшы орунду, жумуш табуу үчүн чет өлкөлөрдө, чет элдик фирмаларда иштөө үчүн чет тилди жеткиликтүү билүү орчундуу мааниге ээ болуп турат. Ошондуктан авторлордун ой жүгүртүүсүндө нарк экономикалык өнүгүү шартында эртеңки күндүн барктуу адисинин «үчтүгү» төмөнкү 2-сүрөттө берилгендей болуп калышында шек жок. Биз жогорку окуу жайынын өнүгүү стратегиясында ушундай үчтүккө жооп бере ала турган жогорку билимдүү адистерди даярдоого багыт алуусун зарыл деп эсептейбиз.

Эгерде кийинки муун (бүтүрүүчү адистер) жаңы технологиялык маалыматтуу билимге ээ болуп, коммуникабелдүүлүккө алып келүүчү чет тилдерин эркин сүйлөй алса жана адистик компетенттүүлүккө жетишсе, анда ал ар кандай жагдайга ыңгайлашып кетүү мүмкүнчүлүгүндө калыптанмак.



чет тилди жакшы билүү | С | Б информациялык операцияларды өздөштүрө билиши (владение инф.тех.)

2-сүрөт. Бүгүнкү адистиктин үчтүк талабы.

Мындай адистер «барктуу» да, «нарктуу» болуп, кандай коомдо гана болбосун турмуш тиричилигин, жашоо шартын көтөрө ала турган иш орундарын табуу мүмкүнчүлүктөрүнүн бийик болушунда шек жок.

**Адабияттар:**


1. Бекбалаев А.А., Джураев А.М. Проблемы и перспективы развития высшего образования в Кыргызской Республике // Наука, образование техника. № 1. ОшКУУ 2009, с. 158-161.
2. Шишкараева А.К., Тобокелова С.А. Профессионально-педагогическая практика в вузе // Вестник ЖАГУ. № 1. 2009. с. 47-50.
3. Алыбаев А. Билим берүү тармагындагы артыкчылыктуу багыттардын базисин түзүүдө математиканын орду жана мааниси //Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин стратегиялык мааниси жана куралдарынын сапаты: Симпозиум материалдары. –Бишкек, 2008. 9-11бет.
4. Иптаров С. Билим кени элде // Кыргызстандагы билим берүү системасы: кечээ, бүгүн жана эртең: Симпозиумдун материалдары. –Бишкек: «Алтын тамга», 2007. 28-39-бет.
5. Аркабаев Ш. Өлкөнүн билим берүү стратегиясын иштеп чыгуу маселеси //Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин стратегиялык мааниси жана куралдарынын сапаты: Симпозиум материалдары. -Бишкек 2008. 14-17-бет.
6. Темиралиев А. Глобалдаштыруу шартындагы Кыргызстандагы билим берүү системасынын абалы // Кыргызстандагы билим берүү системасы: кечээ, бүгүн жана эртең: Симпозиумдун материалдары. – Бишкек: «Алтын тамга», 2007. 39-40-бет.
7. Меерович М.И., Шрагина Л.И. Технология творческого мышления: практическое пособие. – Мн.: Харвест, М.: АСТ, 2000, с. 12.
8. Курманкулов Ш.Ж., Омурбеков А.М., Дуйшенов Э.Д. Билим берүү сапатын жакшыртуу көп факторлуу процесс // Ж.Баласагын атындагы КУУнин Жарчысы, Вып. № 2 –Бишкек, 2008. 118 б.
9. Курманкулов Ш.Ж., Норзалиева Г.С. Билим өздөштүрүүнүн структуралык негизи //Эл агартуу, № 1,2 2009. 39-43-бет.
10. Яполов Ф. Деятельности – компетентностный подход к практико-ориентированному образованию //Высшее образование в России, № 1, -М., 2008, с. 89-94.
11. Сарымсакова Р.К. Современные тенденции развития химического образования // Вестник КНУ им Ж. Баласагына, вып № 2, серия 6, -Бишкек, 2008. с. 17-20.
12. Оморалиев А.Ч., Алиханов У.К. Подготовка учителей информатики в современных условиях информатизации образования // Вестник КНУ, 2008. с. 80-83.